**Шаршеке Султанов атындагы Ой-Тал орто жалпы билим берүү мектебинин ата-энелер чогулушунун №1 протоколунун көчүрмөсү.**

« 18 » сентябрь 2022-жыл Ой-Тал айылы

**Катышкандар:**

1. Мектеп администрациясы (директор,окуу бөлүмүнүн башчысы,уюштуруучу,соц.педагог)
2. ЖИИнин кызматкери Конобаев А.Р
3. Педагогикалык жамаат
4. Мектептин китепканачысы
5. Ата-энелер

**Күн тартибинде каралуучу маселер:**

**1.** Менин балам кандай мектепке окугусу келет? **(семинар)**

**2.** Кам көрүү комитетинин жасалган иштери боюнча отчёту

**3.**Жаңы окуу жылын уюштуруу1-4-класстардын окуучуларынын ысыктамагы жөнүндө

**4.** Окуучулардын окуу китеби менен камсыз болушу

**5.** Мектеп директору,соц.педагог,ата-эне,класс жетекчи,окуучу беш тараптуу келишим түзүү,маршруттук баракча ар класска берүү.

**6.** Ар кандай

**Биринчи маселе боюнча:** Менин балам кандай мектепке окугусу келет?

Ата-эненин укугу милдети жана балага болгон жоопкерчилиги.

**Экинчи маселе боюнча:** Кам көрүү комитетинин 2018-2019-окуу жылында жасалган иштери боюнча кам көрүү комитетинин төрайымы Жакыпбаева Бактыгүл отчёттун берди.Кам көрүү комитетинин эсепчиси Отжанова Фатима эже өзүнүн отчётун берди.Жакыпбаева Бактыгүл жана Отжанова Фатиманын отчёту канааттандырарлык деп табылды.

**Үчүнчү маселе боюнча:** Жаңы окуу жылын уюштуруу жана 1-4-класстардын окуучуларынын ысык тамагы жөнүндө мектеп директору Абдыракманова Айнура Калмаковна толук түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Ата –энелер :

1. Нургаазы кызы Альбина : Бул маселе боюнча 1 жана 4 – класта класстык ата – эне чогулушунда талкуулаганбыз , жалпы ата – энелер ысык тамак берүүнүн кажети жоктугун айтканбыз .
2. Садабаева Гульбара : Менин балам 2 – класста окуйт , ысык тамак берсек жакшы болмок , уюштуруп бербейлиби деген сөзүн айтты .
3. Жалпы ата – эне бул маселе боюнча талкууга алышты .

4. Колго салуу аркылуу добуш берилди . Натыйжасында , көпчүлүк ысык тамак берүүгө каршы экенин , бирок Ковид - 19 илдети басандаса , пандемия аяктаса , ысык тамакты уюштурууну кайрадан жазында кароону сунушташты .

**Төртүнчү маселе боюнча:** Окуучулардын окуу китеби менен камсыз болушу туралуу Урмамбетова Дилбара маалымат берди.2019-2020- окуу жылында мектеп балдары 79 % (пайыз) камсыздай аларын маалымдады.

**Бешинчи маселе боюнча:** Мектептин соц.педагогу тарабынан окуучу,мектеп,ата-эне,класс жетекчи төрт тараптуу келишим түзүү. Маршруттук баракчалар ар класска, ата-эненин укугу милдети жана балага болгон жоопкерчилиги. Ата-энелер менен иштөөнүн планы жана профилактикалык кеңештин курамы менен тааныштырды.Айрыкча жогорку класстын окуучуларын сабактан сырткары учурда көзөмөлгө алуусу түшүндүрүлдү. Балдарды ынтымактуулукка, ыймандуулукка тарбиялоо максатында төмөнкүлөр айтылды.Өзүңөн улууларды сыйласаң сөзсүз кичүүлөрдөн сый көрөсүң.Бирөөнү кордоп жатканда сөзсүз өзүңдүн жакындарыңды ойло,себеби сен бирөөнү кордосоң сенин жакындарыңды да бирөө кордойт.Баарыбыздын мектепте билим алууга укугубуз бирдей.Бул жашоодо татыктуу билим алууга,эс алууга акыбыз бар.Бул жашоодо эң кымбат бул **өмүр** жана **ден-соолук**.Ошол үчүн өмүрдү барктайлы.**Айылдын ыймамы Бакыт Мусаев** тарабынан биз кудайдын аманатыбыз. Кудайдын аманатына эч ким кол салууга акысы жок.Баардык нерсени керек болсо бизди да кудай жаратткан.Кудай барыбызды бирдей жараткан эч ким,эч кимдин сулуу эмес ошон үчүн сен мындайсың сен тигиндейсиң деп айтуунун өзү чоң күнөө.Кээ бир адамдарды кудай майып кылып жаратат биз аларды көрүп топук кылышыбыз керек.Адамдын сырты көрүнүшүнө караганда ички дүйнөсү сулуу болушу керек.Кимде ким аманатка кол салса тозок отуна барат.Адамды кудай түбөлүктүү кылып жараткан,бул убактылуу жашоо.Ошол эле учурда бейиш эненин таманында деп айтылат.Ошон үчүн керек болсо эненин баскан изин өбүш керек.Күндөн жатаарда эненин таманынан да өпсөк аздык кылат.Биз бетинен да өппөйбүз.Бирөөнү кордосоң сөзсүз өзүң кор болосуң деген сөз туура айтылган. Эч качан өз оюңду бирөөгө таңулабашың керек.**Мисалы:** үйдө акча жок болуп жатса сен аны муну алып бер деп ата-энени беймаза кылбаш керек.Болсо эле кайсы ата-эне аясын.Керек болсо ата-эне баласы үчүн жанын бергенге даяр болуш керек,бирок андай мүмкүнчүлүктү кудай бизге берген эмес.Кээде ата-энелер жинденгенде балам балалуу болгондо билээрсиң деген сөздү айтышат. **ЖӨИИнин кызматкери Асангазиев Б.К** өз сөзүндө жалпы тегерек столдун катышуучуларына мындай деди тарбия башаты ата-эне **«Уядан эмненикөрсөң,учканда ошону аласың!»** деген темада кеңири маалымат берди, суроо-жооп иретинде талкуу жүргүзүлдү. 9-«а» класстын окуучусу Улугбеков Фархаттын атасы Пазылов Улан суроо берди,биз өзүбүз күнөөлүбүз балдардын өз оюна коюп бардык шарттарды берип жатабыз,ошондуктан ата-энелер өзүбүздө күнөөлөр көп болуп жатат,бир аз эле туура эмес болсо балдарыбызга болушуп жетип келебиз,андан көрө балдарыбызды үйдөн тарбиялашыбыз керек деди. 10-«а» класстын окуучусу Бейшетаев Искендердин апасы мындай суроо берди,биз өзүбүз күнөөлүбүз балдардын өз оюна коюп,кымбат баалуу уюлдук телефондорду алып берип,азыр балдар сабак окуугусу келбейт ошол телефонду кучактап эле олтурат, ар кандай интернет булактарына кирип ар кандай нерселерди үйрөнүп жатышат. Көптөгөн суроо-жооп иретинде талкуулар болду.

**Чечим кылынат:**

**1**. Кам көрүү комитетинин курамы төмөндөгүдөй бекитилсин

Сулайманова А -0703-56-61-96

Отжанова Ф.К-0702-88-63-63

Орозалиева Г.М- 0704-11-00-19

Нургазы к.А--- 0702-66-67-75

Саадабаева Г.И-0709-71-67-83

**2.** Сулайманова Анархан жана Отжанова Фатиманын отчёту канааттандырарлык деп табылсын.

3. Ата-энелердин 1-4-класстын окуучуларына ысык тамак уюштурууну 2022 – жылдын март айында кайра кароосу белгиленсин.

**4.** Китеп жетпегендигине байланыштуу ар ким өз баласына мүмкүнчүлүгүнө жараша сатып берүүсү сунушталсын.

**5.** Китепканачы жана класс жетекчилер тарабынан башка мектептен сураштырып берүү иши милдеттендирилсин.

**6.** Мектептен сырткы убакытта балдарды толугу менен көзөмөлдө ата-энелерге милдеттендирилсин.

**7.**. Жогорку класстардын окуучулары түнкү убакытта отуруш,туулган күн уюштуруусуна тыюу салынсын. ЖИИнин кызматкери балдар менен тыгыз байланышта болсун, көзөмөөлдө мектептин соц.педагогу Мадиева Г.Дж жүктөлсүн.

Ата-энелер комитетинин төрайымы______________ Сулайманова А

Катчы _______________ Мадиева Г.Дж.